**“БЕКИТЕМИН”**

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин ректору, техника илимдеринин доктору, профессор **К.Ж.Усенов**

_______________

“12” ___11___ 2021-ж.

Асанбекова Нурзат Асанбековнанын «Жогорку класстарда кыргыз тилин окутуунун этнопедагогикалык негиздери» 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы” (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациялык ишине жетектөөчү мекеменин

## РАСМИЙ ПИКИРИ

**Илимий жетекчи** – педагогика илимдеринин доктору, профессор Чыманов Женишбек Арыпович.

Иш Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин филологиялык билим берүүнүн технологиялары кафедрасында аткарылган.

**1.Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» Жарлыгында билим жана тарбия маселесине өзгөчө көңүл бөлүнүп, «билим берүү системасында тарбия берүүнүн улуттук маданий-руханий-адеп-ахлактык жана үй-бүлөлүк баалуулуктарга ылайык келүүсүн камсыз кылуу» талабы коюлган. Аталган жарлыкты турмушка ашыруу боюнча иштелип чыккан Концепцияда: «ар тараптуу өнүккөн, өз элинин руханий-адеп-ахлактык жана маданий баалуу-

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. Ж. АРАБАЕВА
№ 98 «15» 11 2021 ж.

луктарын терең сиңирген, эне тилин негизги баалуулук катары сыйлаган, билимдүү, жоопкерчиликтүү, дени сак, мекенчил, татыктуу инсанды калыптандыруу» [Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө. Жарлык [Текст]// Эркин-Тоо, 2021-ж., 3-август], – негизги максат катары белгиленген. Жогорудагы конкреттүү коюлган талапты жана максатты ишке ашырууну, баарыдан мурда, кыргыз тилин окутуунун мазмунун улуттук баалуулуктар менен толуктап баштоо зарыл экендигин тастыктап турат. Улуттук баалуулуктардын уюткусу, негизи жана соолбос булагы болуп кыргыз элдик педагогикасынын бай материалдары эсептелет.

Кыргыз тилин окутуунун бир кылымдан өткөн тарыхына сaресеп салсак, алгачкы алиппелер (И.Арабаев), тунгуч кыргыз тили окуу китептери (К.Тыныстанов) жана биринчи методикалык эмгектер (С.Нааматов) кыргыз элдик педагогикасынын кылымдарды карыткан таалим-тарбия берүү салттарына негизделип иштелип чыккандыгы белгилүү. Алар эч негизсиз жоюлуп кеткен. Азыркы учурда окутуунун соңку талаптарына жооп бербеген грамматикалык маалыматтардын монополиялык үстомдүгүн жоюп, кыргыз тилин кыргыз жаштарына окутууда жаңы педагогикалык негиздерге кыргыз элдик педагогиканын, улуттук этнопедагогиканын негиздерин бирдей колдонуу азыркы учурдун өктом талабы болуп калды. Бул, биринчи жагдай. Экинчиден, кыргыз элдик таалим-тарбия берүүнүн салттары, табылга-тажрыйбалары, элдик оозеки чыгармачылыкта, акындар поэзиясында, кыргыз адабиятында, улуттук оюндарда ж.б. чагылдырылган идея-түшүнүктор илимий-педагогикалык өңүттөн кыйла изилденип, конкреттүү жыйынтыктар чыгарылып келет. Бул багытта кыргызстандык окумуштуулар А.Измайлов, И.Бекбоев, Н.Имаева, С.Иптаров, С.Рысбаев, А.Муратов, А.Калдыбаева, А.Алимбеков ж.б. эмгектерин жарыялашкан. Орус педагогдору К.Д.Ушинский, В.А.Сухомлинский, Г.Н.Волков, А.Ш.Гашимов, Г.Н.Филонов ж.б. этнопедагогика боюнча уникалдуу эмгектери бар. Этнопедагог-окумуштуулардын эмгектери кыргыз тилин окутуунун этнопедагогикалык негиздерин иштеп чыгууга керектүү теориялык маалыматтарды бере алат.

Этнопедагогика, анын ичинде кыргыз этнопедагогикасы илим катары калыптанып, өнүгүп, алардын натыйжалары билим берүүдө улам кеңири жана натыйжалуу колдонула баштагандыгына карабастан, кыргыз тилин орто мектептерде окутууда бир катар карама-каршылыктар орун алып келүүдө. Алар:

- И.Арабаев жазган алгачкы кыргыз алиппеси, К.Тыныстанов иштеп чыккан тунгуч кыргыз тили окуу китептери, С.Нааматов жазган алгачкы методикалык эмгектердин дидактикалык негиздери кыргыз элдик педагогикасынын бай материалдарын түзсө да бул тажрыйба, бул табылга эч негизсиз улантылбай, унутта калып келүүдо;
- кыргыз этнопедагогика илими калыптанып, өнүгүп, билим берүүнүн азыркы талаптарына жооп берген эмгектер жазылып, диссертациялык иштер корголуп, методикалык окуу куралдары жарыяланып келе жаткандыгына карабастан, алардын теориялык жана практикалык жыйынтыктары кыргыз тилин орто мектептерде окутуу процессинде кеңири колдонулбай келет;
- кыргыз тилин орто мектептерде окутууда элдик педагогиканын материалдары толугу менен тилдик-лингвистикалык теориялык маалыматтарды үйротүүнүн алкагында гана колдонулуп келе жатат;
- жогоруда аталган жана башка карама-каршылыктарды жоюу жана элдик педагогиканын бай казынасын кыргыз тилин окутуу процессинде колдонууга комок көрсөтүү максаты диссертациялык ишибизди темасын «Жогорку класстарда кыргыз тилин окутуунун этнопедагогикалык негиздери» деп алууга түрткү болгон.

**2. Изилдөөнүн илимий жоболорунун, жыйынтыктарынын жана сунуштардын негизделиш даражасы:** Диссертациянын изилдөө ишинин жүрүшү, алынган натыйжалары жана жыйынтыктары Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин филологиялык билим берүү кафедрасынын кеңешмелеринде, Нарын жана Кочкор районунун мугалимдеринин методикалык секцияларында, педагогикалык окууларда, иштин теориялык жана практикалык сабактарында колдонулган.

**3.Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык мааниси:** Кыргыз тилин жогорку класстарда окутууда этнопедагогиканын алган орду, мааниси аныкталып, элдик педагогиканын бай материалдарын кыргыз тилин окутуунун мазмуну жана каражаты катары колдонуунун теориялык негиздери иштелип чыккандыгы менен аныкталат.

**4.Изилдөөнүн практикалык мааниси:** иш кыргыз тилин окутуунун предметтик стандарты менен окуу программасынын талаптарын ишке ашыруунун практикалык маселелерин чечүүгө арналып, окуучулардын таанып-билүүчүлүк, жүрүм-турумдук жана маданий көндүмдөрүн калыптандыруусунда теориялык жана практикалык маселелерин камтып, конкреттүү сунуштарды берип, темага негизделген сабактын үлгүлөрүн иштеп чыгып, колдонууга сунуш кылгандыгы, окуучуларды коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүгө карата даяр материалдарды бере алгандыгы менен практикалык мааниге ээ. Алынган жыйынтыктар кыргыз тили окуу китебинин мазмунунун дидактикалык жабдылышын жакшыртууга да салым кошо алат.

**5.Авторефераттын диссертациянын мазмуну менен дал келиши.**

Изилдөөнүн негизи милдеттерин чечүү үчүн диссертациянын түзүлүшү жана материалдардын баяндоо логикасы үч главадан, корутундулардан, жалпы корутундудан, илимий-практикалык сунуштардан, пайдаланган адабияттардын тизмесинен, 3 сүрөт, 2 схема, 6 таблицадан турат. Диссертациянын жалпы көлөмү 180 бетти түзөт.

Авторефераттын көлөмү резюмелерди кошпогондо белгиленген талаптан ашкан эмес, изилдөө ишинин мазмунун толук чагылдырган. Изилдөөнүн милдеттеринин чечилиши главалар боюнча так корсөтүлгөн.

Жалпысынан, изилдөө ийгиликтүү иштелген, өз алдынча аткарылган, толук бүткорүлгон иш катары оң баага татыктуу. Аталган ийгиликтер менен кошо айрым мүчүлүштүктөр да байкалды, алар:

1.Диссертациялык иште шилтемелерди ЖАКтын талабына шайкеш келтирүү керек.

2.Кыргыз тилин этнопедагогикага негиздеп окутууда окуу китептери жалпы талданган, жогорку класстардын кыргыз тили окуу китебинин материалдарын кененирээк талдоого орун берүү керек.

3.Айрым стилистикалык, орфографиялык жана пунктуациялык каталарга жол берилген.

Бирок белгиленген кемчиликтер принципиалдуу эмес болгондуктан, изилдөөнүн жалпы деңгээлине таасир этпейт.

Асанбекова Нурзат Асанбекованын "Жогорку класстарда кыргыз тилин окутуунун этнопедагогикалык негиздери" деген темадагы диссертациялык изилдөөсү Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын "Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жонүндөгү" жобосунун 10-пунктунун талаптарына толук жооп берет. Ал эми изденүүчү Асанбекова Нурзат Асанбекованын "Жогорку класстарда кыргыз тилин окутуунун этнопедагогикалык негиздери" деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейбиз.

Пикир Жалал-Абад мамлекеттик университетинин педагогика жана психология, башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы кафедрасынын кеңейтилген жыйынынын отурумунда 2021-жылдын 10-ноябрында (№6-протокол) талкууланып бекитилди.

**Катышкандар:**

1. Сакиева С.С.–педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.02);
2. Ураимов К.М. –педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.02);
3. Нусупова Р.С. .– педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.08);
4. Найманбаев М.Ж.–педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
5. Рыскулова Г.У.– педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
6. Тажибаева Ж.К.– педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.02);

7. Ажыкулов С.М.– педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);

8. Жолдошбаева Р.К.–педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);

9.Токтогулова Г.Т.-философия илимдеринин кандидаты, доцент (09.00.03);

10.Молдокеримова Э.М.–педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.02).

Огурумдун төрайымы, педагогика
илимдеринин доктору, профессор С.С.Сакиева

Педагогика илимдеринин доктору, профессор С.С.Сакиеванын колун тастыктайм.

Жалал-Абад мамлекеттик университетинин окумуштуу катчысы,
саясий илимдеринин кандидаты Б.Н.Алымкулов

Дата поступления отзыва в ДС Д 13.20.623 15.11.2021 Секр. ДС Осмурбаева Д.К.

КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ